# Унутпадым

Сөзү : Султанов Омор

Обону : Досмамбетова Канымгүл

Аралап шаар ичин басып жүргөн,
Андагы ак буурул түн эсиңдеби?
Ойгонуп уйкусунан жымыңдашкан,
Оттору Фрунзенин кечиндеги.
Убакыт суудай акты, унутпадым,
Ачылган аппак гүлдөй күлгөнүңдү.
Ал түндү айта бердим жетине албай,
Калтырбай бул дүйнөдөн билгенимди.
Эстеймин элесиңди көзүм талбай,
Азыр мен амалым жок алыс жакта…
Түшүмдө түндө сени жолуктурам,
Ырахмат миң мертебе тагдырыма,
Ырахмат миң мертебе махабатка…